# ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ДИНИЙ СИНКРЕТИЗМИНИН СОЦИАЛДЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК ФАКТОРЛОРУ

**ИСМАИЛОВА А.К.**
*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

Биз бул иште азыркы учурдагы ааламдашуу шартындагы кыргыздардын диний синкретизминин социалдык-психологиялык факторлорунун кээ бир өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүүгө аракет кылдык. Биринчиден, диний синкретизм түшүнүгүнө токтоло кетсек. Кыргыздардын диний аң-сезиминин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп синкретизм эсептелинет. Синкретизм грекчеден «synkretismos» биримдик деп которулат да, кандайдыр бир нерсенин же кубулуштардын алгачкы абалын мүнөздөгөн, алардын бир бүтүн, ажыратууга мүмкүн болбой турган абалы. Мисалы, ар түрдүү диний ырым-жырым жана диний системалардын биримдигин диний синкретизм деп айтсак болот. Кайсы бир диндин элементтеринин башка бир диндин структурасында өз ара аракеттешүүсүн жана сакталышын, дегеле диний синкретизмди изилдөөдөн мурун, дин менен маданияттын байланышын, катышын карап чыгуу керек, себеби дин коомдо бир катар социомаданий функцияларды аткарат. Мындай функциялардын бири болуп дүйнөгө болгон көз караш эсептелинет. Дүйнөгө болгон көз караш адамдардын курчап турган чындыкка жана өзүнө болгон мамилеси жөнүндөгү көз караштардын системасы, ошондой эле, алардын ишенимдери, идеалдары, принциптери болуп саналат.

Адамзаттын тарыхынын өнүгүү этаптарында диндин, анын функцияларынын тийгизген таасири бирдей эмес болгон. Кээ бир учурларда диний аң-сезим алдыга озуп чыккан да, диний мамилелер башка коомдук мамилелерге кошулуп, а социалдык институттар өзүнө диний жана аксөөктүк бийликти кошкон. Мисалы, орто кылымдагы Европа, Араб халифаты жана башка чыгыштын теократтык мамлекеттери. Ал эми кээ бир учурларда диний аң-сезим күчүн жоготкон да, алдыга аксөөктүк аң-сезим келип, коомдук аң-сезимдин сфераларын камтыган. Мында руханий жана аксөөктук бийлик ар башка институттарга таандык болгон. Мисалы, салттык кытай коомунун идеологиялык система болуп эсептелген конфуцианство – бул толук мааниде «дин» болбогон. Диндин кайсы гана тарыхый формалары болбосун барыдан мурун бири-бири менен өз ара аракеттешүүчү элементтерди камтыган татаал система катары каралышы керек. Социалдык-экономикалык шарттардын өзгөрүшү ишенимдерге таасир тийгизген учурда дин ошол шартка ылайыкташып, түрү өзгөрүлөт да, бул учурда синкретизация процесси пайда болот. Башкача айтканда, бир динден башка динге кирүүсү, бир диндин диний системаларынын элементтери башка диндин структурасында сакталышы.

Белгилүү казак окумуштуусу Ч. Валиханов өзүнүн эмгектеринде шамандык ырым-жырым менен мусулмандык ырым-жырымдардын кошуундусу сыяктуу кубулуштарды «кош ишенүү» деп атап, бул тууралуу мындай деп жазат: «...у киргизов оно (шаманство) смешалось с мусульманскими поверьями и, смешавшись, составило одну веру, которая называлась мусульманской, но [они] не знали Магомета, верили в аллаха и в то же время в онгонов (аруахов ) приносили жертвы на гробницах мусульманским угодникам, верили в шамана и уважали магометанских ходжей. Поклонялись огню, а шаманы призывали вместе с онгонами мусульманских ангелов и восхваляли аллаха. Такие противоречия нисколько не мешали друг другу, и киргизы верили во все это вместе» [1, 49]. Ошону менен, кыргыздардын «кош ишеними» исламга чейинки анимизм, тотемизм, шаманизм сыяктуу байыркы ишенимдерди жана ислам дининин элементтеринин биригүүсүн көрсөтөт. Азыркы учурда башка диндерге салыштырмалуу ислам дини эң социалдашкан дин болуп эсептелет. М.У. Алсабековдун пикири боюнча, ал жөн гана дин эмес, а жашоонун образы болуп, динчил адамдардын күнүмдүк турмушу ислам дининин формулалары менен сакралдашкан [2, 14].

Синкретизмдин башка өзгөчөлүгүн ислам дининин толеранттуулугу менен бутпарастык культтардын башка диндерге болгон катышы менен байланыштырдык. Бул проблеманы изилдөөдө К. Шулембаев чон салымын кошкон [3, 67]. Ал диний синкретизмдин келип чыгышы, анын байыркы ишенимдер менен ислам done бар болуусун казак элинде гана эмес, башка элдерде да кездешерин жазат. Ал синкретикалык жана эң татаал диний ишеним болуп тектер культун эсептеп, мында анимизм - фетишизм жана магия менен айкалышарын, жана тектер культу – бул арбактарга ишенүү гана эмес, арбактардын укум-тукумдарга жардам берүүчү табигаттан тышкаркы жөндөмдүүлүктөрүнө ишенүүсүн көрсөтөт. Ислам - бул бир кыйла турмуштук дин, буга себеп болуп исламга чейинки эски үрп-адаттар мусулмандык культ болуп, диндер кагылышып, бири-бирине сиңишип бир бүтүндүккө кошулганын айтат.

Кыргыздардын диний синкретизминин себептери болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

- көчмөн турмуш;

- кылымдар бою алгачкы ишенимдер менен мусулмандык диндин өз ара аракеттешүүсү;

- этнодиний жана этномаданий синкретизмдин пайда болуусуна түрткү берген интеграциялык процесстер;

- синкретизмдин келип чыгышына адамзаттын тарыхындагы этностордун миграциясы жана калктардын кошуналык байланыштары чон таасир берген. Маданияттардын өз ара аракеттешүүсүнүн негизинде жаңы үрп-адаттар жана салттар пайда болуп башка этностордун маданиятында сакталып калышы.

Диний салттардын сакталышында өзгөчө роль үй-бүлөгө, тагыраак айтканда аялдарга таандык (өзгөчө улгайып калган аялдарга). Себеби, алар коомдук ишмердик менен үй-бүлөлүк тиричиликти ийгиликтүү айкалыштырып келишет. Кыргыздар аялдардын турмушта болгон ролун жогору коюшуп, аларга туура баа берип, мындай дешкен «аял – үйдүн куту», «алган жары жарашпай, эр жигиттин багы ачылбайт», «эрди эр кылган аялы», «акылдуу аял – эрдин багы». Кыргыз элинде аялзаты ар дайым урматталып, сый-урмат көргөзүлүп, коомдо татыктуу орун ээлеп келген. Бирок, жоокерчилик заманда аял кишиге коюлуучу талап өтө жогору болгон. Үйдүн куту делген аялзатына тиешелүү турмуш-тиричилигин эле билип тим болбой, күйөөсү согушка кеткенде, эркектин да милдетин аткарган. Күйөөсүн келгиче аял башы менен бала-бакырага, ички жана тышкы тиричиликке – баарына баш-көз болуп, суук көздөрдөн сактап турган. Ошол кезде ыймандуулук принциптери, мораль, бүткүл бүлөдөгү таалим-тарбия, коомдогу таалим-тарбия, философия жана идеология аялда жаш кезинен тартып ушул көз караштты, ишенимди тарбиялаган, ушул сезимди, ушул сапатты жактырган жана өнүктүргөн. Диний ишенимдерди сактоо аркылуу ар бир эне балдарын тарбиялаган. Анткени бала «уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» эмеспи. Ал эми уянын куту – эне. Эне ошол кутту сакташ үчүн жан үрөйт. Ата-баланы, эже-сиңдини, таяке-тайды, ага-инини бириктирүү, тарбиялоо жана байыркы мезгилдерден тартып кийинки эле убактарга чейин өкүм сүрүп келген каада-салттарды муундан-муунга жеткирүү жоопкерчилиги да энеде.

Диний синкретизмдин социалдык-психологиялык себептеринин бири болуп адаттардын күчтүүлүгү жана прагматизм эсептелинет. Алсак, адамдар өздөрүн руханий, моралдык керектөөлөрүн канаттандыраарлык, өздөрүнө керектүү жана ылайыктуу ишенимди же динди тандашат же кээ бир адамдар эски салттарга ар дайым кайрылып турушат. Бул тууралуу прагматизмдин өкүлү Ч. Пирс мындай деп жазат: «…человек должен сделать свой выбор — выбор, который представляет собой нечто большее, нежели усвоение какого-либо интеллектуального мнения. Этот выбор — одно из главных решений в жизни, приняв которое, человек обязан следовать ему [до конца]. Сила привычки будет время от времени заставлять человека цепляться за старые верования даже тогда, когда он в состоянии понять, что они лишены крепкой основы. Но рефлексия над положением дел преодолеет эти привычки, и он должен будет придать рефлексии

подобающее значение. Люди иногда отклоняются от этого, обладая идеей, согласно которой верования представляют собой нечто полезное, и хотя они и чувствуют, что эта идея ни на чем не основана, они ничего не могут с этим чувством поделать... Разве бы они не сказали, что таким людям — реформированному Мусульманину и реформированному Католику следует рассмотреть предмет подобающим образом и ясно понять новое учение, а затем принять его целиком, во всей его полноте. Но помимо всего прочего, пусть они поймут, что совокупность верований много полезнее любого отдельного верования и что отказываться от обращения за помощью к какому-либо верованию из опасения, что оно может оказаться ненадежным, столь же аморально, сколь и невыгодно» [4, 264].

Психоанализмдин өкүлдөрү диний синкретизмди адамдын психикасынын негизи болуп диний ишенимдер менен дин жана неврозду диндин жеке формасы катары түшүндүрүшөт. Мисалы, Э. Фромм батыш коомундагы диндин ордун изилдөө менен байыркы ишенимдер жоголбостон, негизи менен биригет деген тыянак чыгарат. Ал азыркы адамдарда диндин – невроздордун көптөгөн формулалары камтылган жана аларга тотемизм, фетишизм сыяктуу ж.б. диний аттарды берүүгө болот деген пикирин жазган [5, 163]. Э. Фроммдун байыркы ишенимдердин келип чыгышы тууралуу бул түшүндүрмөсү синкретизмдин бирден-бир себептери гана болуп эсептелет.

Жыйынтыктап айтсак, диний синкретизм маданияттын алгачкы өнүгүү стадияларында келип чыккан, жана азыркы учурда да бар. Анын пайда болушуна ааламдашуунун интеграциялык процесстери, скептицизм, прагматизм, конформизм жана башкалар түрткү берүүдө.

**Адабияттар:**


1. Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений: В 5 т. Т. 4. -Алма-Ата: Гл. редакция Казахской советской энциклопедии, 1985. –С.49.
2. Алсабеков М.У. Свобода и ответственность человека в исламе (философский дискурс): Автореф. 09.00.13 — Алматы, 2004. –С. 14.
3. Шулембаев К.Ш. Образ жизни. Религия. Атеизм: Общее и особенное в образе жизни и религиозных верованиях казахов и вопросы атеистического воспитания. — Алма-Ата: Казахстан, 1983. -С. 67.
4. Пирс Ч.С. Избранные философские произведения. — М.: Логос, 2000. -С. 254
5. Фромм Э. Психоанализ и религия // Сумерки богов. — М.: Политиздат, 1990. –С.163